DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2023

*Пасанова К.Б.*

# САЛТТУУ КЫРГЫЗ КООМУНДАГЫ БУКАРА КАТМАРЫ
## (XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башы)

*Пасанова К.Б.*

# БУКАРА В ТРАДИЦИОННОМ КЫРГЫЗСКОМ ОБЩЕСТВЕ
## (вторая половина XIX века - начало XX века)

*K. Pasanova*

# BUKARA IN TRADITIONAL KYRGYZ SOCIETY
## (the late 19th century and early 20th century)

*УДК: 94(575.2)*

*Макала XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башындагы кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнө анализ берүүгө арналган. Салттуу кыргыз коомунда эки чоң катмар болгондугу белгиленип, көпчүлүк массаны түзүшкөн букара катмарынын ич ара бөлүнүшүнө токтолот. Б. Солтоноевдин эмгегине таянуу аркылуу кыргыз коомунда «букара деп манаптын өз тукумунан башка урукту атаган» - деп көрсөтүлөт. Букара негизги материалдык байлыкты өндүргөн, калын массаны тузгөндүгү көрсөтүлөт. Букара катмарлары жарды, жатакчы, эгинчи, мандикер, чайрикер, «коншу-колончулар, кедей, томаяк, байкуш, малай ж.б. топторго бөлүнүшкөндүгү белгиленет. Ар бир топтун байларга жалданып иштөө жолдору, кызматы үчүн берилген натуралдык, акчалай төлөмдөрү көрсөтүлгөн. Маселен 1913-жылы Пишпек уездинде 13886 чарбанын 10336, Пржевальск уездинде болсо – 26034 чарбанын 4492 батрактардын кызматын пайдаланышкан. Тарыхый булактарга таянуу менен Чуй, Талас аймактарында жашаган кыргыздардын мисалында букара тобунун аткарган кызматы көрсөтүлөт. Ал XX кылымдын башында болсо социалдык жиктешүүнүн натыйжасында мандикер, чайрикер катмарларынын жаралышы белгиленет.*

***Негизги сөздөр:*** *коом, эл, катмар, социалдык түзүлүш, букара, Чүй аймагы, Талас аймагы, топтор, жиктешүү.*

*Статья посвящена анализу социальной структуры кыргызского общества второй половины XIX века и начала XX века. В ней говорится о двух основных группах традиционного кыргызского общества, большинство которого именуется “букара”, отмечается также, что последние в свою очередь также делятся на несколько маленьких групп. В трудах Б.Солтоноева, “букара” упоминается как “...некто вне манапского клана...”. Букара представляет из себя значительную часть общества и основного производителя материальных благ и делится на мелкие группы такие как: жарды, жатакчы, эгинчи, мандикер, чайрикер, коншу-колончулар, кедей, томаяк, байкуш и малай. В каждой группе имеются отличительные черты, способы заработка и денежные выплаты за их услуги. К примеру, в 1913 году в Пишпекском уезде из 13 886 хозяйств 10 336, в Пржевальском уезде 4492 из 26034 хозяйств пользовались услугами батраков. На основе исторических источников показана деятельность батраков на примере кыргызов, проживающих в Чуйской и Таласской областях. Кроме этого, на начало XX в. в результате социального разделения отмечается формирование мандикерской и чайрикерской страты.*

***Ключевые слова:*** *общество, народ, слой, социальная структура, букара, Чуйская область, Таласская область, группы, классификация.*

*This article examines the social structure of Kyrgyz society in the late 19th century and early 20th century, focusing on the two main groups, one of which was referred to as "bukara". According to B. Soltonoev, “bukara” refers to individuals outside the Manap clan. Bukara was a crucial part of society and the main producer of material goods, and was further divided into smaller groups, such as zhardy, zhatakchy, eginchi, mandiker, chayriker, konshu-colonchular, kedei, tomayak, baikush, and malai. Each group had unique characteristics, methods of earning income, and services for which they received payment. For example, in 1913 in the Pishpek uyezd, 10,336 of the 13,886 households used the services of farm laborers, and in Przhevalsky uyezd, 4,492 of 26,034 farms did the same. Historical sources illustrate the activities of farm laborers in the Chui and Talas regions.The separation of society at the turn of the 20th century led to the formation of the Mandiker and Chayriker strata.*

***Key words:*** *society, people, stratum, social structure, bukara, Chui region, Talas region, groups, classification.*

XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башында кыргыздар көчмөн жарым көчмөн турмушта жашап, патриархалдык-феодалдык мамилелер үстөмдүк кылып турган. Коомдук түзүлүшү боюнча бай жана кедей катмарларга бөлүнүшүп, Россия империясына каратылгандан кийин социалдык катмарлардын арасында транцформациялык процесстер жүрө баштаган. Калктын негизги бөлүгүн түзүшкөн эл жалпысынан шарттуу түрдө букара аталып, алар өздөрүнүн малга, жерге карата болгон ээликтери, башка мүлктөрү боюнча айырмаланышып өз ара топторго бөлүнүшкөн. Социалдык топтордун ортосундагы экономикалык айырмачылыктын негизги өзөгүн малга, жерге карата болгон мүлктүк теңсиздик жараткан. Т.Айтбаевдин пикири боюнча кыргыз коомунун массалык бөлүгү дыйкан деп атап, алар дыйкан-малчы, дыйкан-эгинчи деп аталышып, биринчилери малчылар, экинчилери эгинчилер деп аталышкан [1, 176-б.]. Аталган пикирге тактоо киргизүү зарыл.

Дехкан (дихкан) түшүнүгү перс тилинен келген, Иран, Орто Азия аймагында Сасанидтер мамлекетинен бери эле келе жаткан түшүнүк. Дехкан – общиналык түзүлүштөн бөлүнүп, жер үлүшүнө ээ болгон адам, кийинчерээк ири феодалга айланып кеткен. XIII кылымдан тарта Орто Азияда дехкан түшүнүгү жалпы эле дыйкандар (аларга кирген бардык топтор) атала баштаган. Демек, малчыларды жер иштетишкен дыйкандарга кошуп, дыйкан-малчы деп бөлүп карoo аныктамасы көчмөн жарым көчмөн турмушта жашаган кыргыздарга туура келбейт деген пикирдемин.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Көчмөн шартта бардык эле малчылар жер үлүшүнө ээ болушуп, дыйканчылык аракеттерин жасашкан эмес. Бирок, XX кылымдын башында колониалдык доордогу саясий, социалдык-экономикалык тармактагы трансформациялык процесстердин жүрүшүнө байланыштуу малчы-дыйкан түшүнүгү пайда болушу табигый көрүнүш катары кароого болот.

Ошондуктан XIX кылымдын экинчи жарымы-XX кылымдын башындагы кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнө мүнөздөмө берип жатып калктын негизги массасын түзгөндөрдү шарттуу мааниде букара, букаралар деп атоого болот. В.В. Бартольд, бул термин араптын фукара деген сөзүнөн *(факир* (фукир) – кедей, жарды деген сөздүн көптүк түрү), түркчө – пу–кара деп айтылып, Тян-Шандын түштүгүнөн тартып Индиге чейинки тоолук урууларда жана элдерде социалдык жана этникалык төмөнкү катмарларды басмырттап атоодо колдонулуп келгендигин көрсөтөт [2, 240-б.]. Б. Солтоноев кыргыз коомунда «букара деп манаптын өз тукумунан башка урукту атаган» [3, 181-б.] - деп жазат. Букара негизги материалдык байлыкты өндүргөн. Албетте, Орто Азия элдеринде букара сөзү ар кандай мааниде колдонулуп келген. Букара орустун “подданный”, “вассал” деген сөзүнө жакын. Салттык кыргыз коомунун негизги бөлүгүн *букара* түзгөн.

Ал эми XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башында Кыргызстан Россия империясына каратылгандан кийин патриархалдык-феодалдык мамилелер бузула баштап, ака-товар, соода-сатык мамилелери жаралып, катмарлашуу процессинин күчөшү менен катар букара материалдык байлыкты өндүргөн, бирок саясий-экономикалык жактан “аксөөк” (бай-манаптар) катмарларга көз каранды топту түзүшкөн көпчүлүк эл, социалдык катмарга айланган. XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башындагы кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнө анализ жасап жатып карапайым калкты букара деп атоо менен алардын аткарган кызматы (малчылык, дыйканчылык) колдонулган күч эмгеги боюнча айырмалап-букара-малчы, букара-дыйкан(эгинчи) же болбосо кедей-дыйкан, деп атоо да туура. Мал чарбычылык жана дыйканчылык менен кесип кылышкандарды кыргыздар-эгинчилер деп аташса, орус бийлиги жарым көчмөндөр деп аташкан [1, 178-б.]. Чындыгында аталган топтогулар чарбанын эки түрүн бирдей алып жүрүүгө шарты болгон.

Кедей-дыйкандар (букара-малчы, букара-дыйкандар) өздөрүнөн колундагы мүлкүнө жараша - малсыз, орто, аз малсыз болуп бөлүнүшкөн. Букара-дыйкандар-эгинчи, жатакчы, чайрикер болуп бөлүнүшкөн. Т. Айтбаевдин изилдөөсү боюнча Ысык-Көл, Тян-Шань жана Чүй аймактарында 100 ашык баш койлуу, 30-50 жылкысы, 10 баштан ашык ири мүйүздүү малы, 2-3 төөсү, түштүк тарапта болсо 50-60 баш коюу, 8-10 баш жылкысы, 5-6 баш ири мүйүздүү малы болгондор орто дыйкандар деп эсептешкен [1, 176-б.]. Орто чарбалуулар өз алдынча чарба иштерин жүргүзүшкөн. Алар байларга жалданып иштеген эмес, тескерисинче чарба иштерине өз ара сүйлөшүү жолу аркылуу адамдарды жалдап иштетишкен. Ал эмикедей чарбалар болсо, өз чарбасында 2-10 коюу, 1-2 жылкысы, 2-3 ири мүйүздүү малы, анча чоң эмес эчкиси болушкан. Алардын айрымдары дыйканчылык да кылышкан [1, 176-б.].

Өзүнүн малынан айрылган же бирин-серин малы болгон, бай-манаптардан толук көз каранды болуп, алар менен бирге көчүп-конуп жүргөндөр «*коншу-колончулар*» деп аталган. Алар үй-бүлөсү менен бай-манаптардын чарбасын тейлеп, «малын багып, саанын саап, отун-суусун алып берип каралашып» [3, 185-б.] жан сакташкан. Бай-манаптардын колунда алардын аткарган кызматтары ар кыл болгон: мал багуу, короо кайтаруу, көчкөн мезгилде кызмат аткаруу, чабармандык кылуу, аялдары болсо саан саап, үй кызматын аткарып, тамак жасап ж.б. кызматтарды аткарышкан. Аткарган кызматы үчүн коңшулар убактылуу саан уй жана бир канча баш саан кой алышкан. Кээде мерт байлар коңшуга кийим-кече, бир канча баш кой беришкен [4, 166-б.].

Бай-манап менен бирге көчүп-конуп жүрүүгө мүмкүнчүлүгү жок, кыштоодо калгандарды «*жатакчылар*» деп коюшкан. Алар өз мойнуна кыргыз феодалдарынын аштык, чөп кызматын алган. Ошондуктан, «*аштыкчы*» деп да, ал эми түштүктө «*эгинчи*» [5, 546-б.] деп аташкан. Бай-манаптын аштык, чөп кызматы мойнунда болгондор аштыкчы аталган [3, 185-б.]. Ал эми эл оозунда болсо:“ Куу дүйнө жыйып, мал күтүп, не мураска жетейин? - андан көрө мен эми аштыкчы болуп кетейин”- деген лакап сөз калган. Жатакчылар көчүүгө малы жок, суу жээктеринде, тоо алдындагы түздүктөрдө жатып эгин айдашкан. Тарыхый булактардын биринде, Жети-Суу уездиндеги жатакчылар туурасында: “ баардык уездерде малы жок болгондуктан көчүүгө мүмкүн болбогон, материалдык жактан жарды келишкен кыргыздар бар. Андай кыргыздар *жатактар* деп аталып, шаарларга жакын турушат, айрымдары өздөрүнүн болуштуктарына жакын жашап, эгин айдашат-*эгинчилер* деп да аташат” [7, 37-б.]. Жатакчылар патриархалдык-феодалдык коомдун ыдырашынын натыйжасында пайда болушкан. Була тууурасында Талаа генерал-губернаторунун ички иштер министрине жазган рапортунда мындай дейт: “Жерге карата болгон монополиялык ээликтин күчөшү, экономикалык начар дыйкандардын кыскарышына, алардын жакырданышына алып келген. Ошондуктан малсыз калган дыйкандар көчө албастан “жатака” айланышкан. Дыйкандардын жакырданышына айрым учурда жутчулук да таасирин тийгизген [1, 184-б.]. Демек. жатакчылар отурукташууга өтө

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



баштаган дыйкандардын тобу, алар байларга көз каранды болушпастан, өз алдынча иштешип, эркин болушкан.

Бирок, жатакчылардын өз алдынча жерди иштетип, дыйканчылык кылууга тийиштүү айыл чарба техникалары жетишсиз болгон. Мындай учурда алар биригүү жолуна өтүшүп, бири жер айдоого атын, өгүзүн берсе, экинчиси орогун, соккосун ортого коюшуп биргелешип иштөө формасына өтө баштаган. Пишпек, Пржевальск уездериндеги чарбалык турмушту чагылдырган П.П. Румянцевдин материалдарына таянсак 1912-1913-жылдары Пишпек уездинин тургундарынын жарымынан көпчүлүгү кой, эчки кармашкан эмес, калктын 8,41% жылкысы, 22,78% ири мүйүздүү малы, 74,05% төөсү болсо, 2,58% эч кандай малы болгон эмес, деп жазат [6, 275-б., 300-301-бб.]. XX кылымдын башында эки уездде жатакчылардын санынын өсүшү менен мал кармашкан калктын салыштырмалуу саны кыскаргандыгын көрүүгө болот. Маселен, Пишпек уезди боюнча 31886 чарбадан малдын бардык түрүн болгону 8276 чарбада гана болгон, калган 23590 чарбанын малы болгон эмес [6, 358-б.]. Пржевальск уезди боюнча 28034 чарбанын ичинен 15552 чарбасында гана малдын бардык түрү болгон [6, 596-б.]. Демек, XX кылымдын башындагы социалдык жиктешүүнүн натыйжасында малчы-дыйкандан чыккан жатакчылар отурукташып, дыйканчылык гана жүргүзө баштабастан болочок шаар калкынын өзөгүн калыптандыра баштаган.

Көчмөн жарым көчмөн турмуштагы социалдык катмарлардын жакырдануусуна жутчулуктун тийгизген таасири да чоң болгон. Күндүн суугу, кардын калын жаашы, нөшөрлөгөн жамгыр, селдин жүрүшү, чагылгандын түшүүшү ж.б. жаратылыштын кырсыктары жутчулукту жараткан. Албетте, жутчулуктун кесепети кедейлерге эле таандык көрүнүш эмес. Жутчулукту бай, кедейлерди малсыздандырган жаратылыш кырсыгы. Жутчулуктун жаралышына кыргыздардын мал багуу салтынын да тийгизген таасири чоң болгон. Алсак, 1913-жылы “Переселенческое управление” тарабынан Чу, Талас аймактарында жашаган кыргыздардын чарбалык турмушун чагылдырган “Материалы...” аттуу жыйнакта: “ Кышка карата малга тоюттун даярдалбашы кыргыздардын көчмөн турмушундагы көнүмүш адаттардын бири болгон. Кыш жылуу болгон учурда мал тоо этектеринде оттошуп, кыштан аман чыгышкан. Ал эми кар көп жаап, ызгардуу суук түшүп, же болбосо ызгардуу шамал, катуу сыйгалак болгондо мал массалык түрдө өлүмгө учураган. 10000 баш малы бар байлар бир канча күндүн ичинде эле кедейге айланып калышкан”- деп жазат [7, 47-б.]. Кышка малга тоют даярдоо, корголоочу сарайларды куруу орустар келгенден кийинки пайда болгон ыкма. Албетте, жутчулук жылыга эле кайталана берген эмес. Ошол эле “Материалы...” аттуу тарыхый булакта “Каардуу жут 35-38 жыл мурун болгон, ошого карабастан кыргыздар кышкысын малга тоют даярдоого көңүл бурбай келүүдө”-деп жазылат [7, 47-б.]. Мындай кырдаалда кыргыздардын салттуу турмушундагы урук-уруулук, туугандык, куда-сөөктүк өз ара жардамдашуу принциптери чоң роль ойногондугун белгилеп кетүү абзел.

Батрак, малай, чайрикер, мандикерлерди XX кылымдын башында пайда болгон катмарларга кошууга болот. Өзгөчө Кыргызстандын түштүгүндө *чайрикерлер* менен *мандикерлер* деп аталган жаңы катмарлар көбөйө баштаган. Чайрикерлер өзүнүн менчик жери жок болгондуктан бирөөнүн жеринде анын шаймандары менен эгин эгип, карап багып өстүрүп, оруп жыйнаган. Жыйналган түшүмдүн бир бөлүгү анын үлүшүнө тийген. Убактылуу жана күнүмдүк жалчы жүргөндөрдү, айрыкча жыйын-терин учурундагы сезондук иштерде жалданып иштегендерди мандикерлер дешкен [8, 85-б.]. Булар жумушчу табынын алгачкы өкүлдөрү болгон. Мандикерлер чайрикерлерден айырмаланып, аткарган кызматы үчүн акысын акчалай алышкан, чайрикерлер болсо натуралдык түрдө алышкан.

Б.Солтоноев коомдогу эң төмөнкү катмарлардын катарына байкуш, томаяктарды атап кеткен. Б.Солтоноев «малы түгүл ити да жок, *томаяк*, *ороочу* кедейлерди», «аты жок болсо бир сыйыры» болгон «байманап менен байланышта болуп жүрбөстөн», өз бетинче оокат кылган «*кежир кедей*» же «*кербез кедей*» деп көрсөтөт [3, 184-б.]. Алардын дээрлик көпчүлүгүнүн турарга турагы жок, үй-бүлө курбаган, майып, жетим калган топтор түзгөн. Алар көпчүлүк учурда бай тууган издешип, жыл боюу байдын малын карап, койчулук-чабандык кылышкан. “Материалда”: “Чабан катары кедейдин эң байкушун колунда эч нерсеси жок, үйү жок адамдар тартылган”. Мындай кырдаалда чабан үй-бүлөсү менен байдан көз каранды болуп, кулга айланган [7, 47-б.]. Чу, Талас аймактарында жашаган кыргыздардын турмушун чагылдырган булактарга таянсак: “Чабандык кесипке ден-соолугу чын адамдар гана тартылган. Чарбасында бир канча миңдеген баш малы бар байлар, өз чарбасында бир канча чабанды кармоого туура келген. Бир чабанга 100дөн ашпаган баш ири мал, же болбосо 300 майда жандык кароого берилген. Чоң чабан 40-60 чейин рубль акча алган. Мындан сырткары бай үй-бүлөсүн багуу үчүн өз ара келишип натуралдык да жардам көрсөткөн, көпчүлүк учурда чабандар байдын мертигинен да көз каранды болгон [7, 47-б. Тарыхый булактарда Чуй, Талас аймагындагы кыргыздардын арасында малды жайлоого кайтарууга берүү, өнүккөндүгү баяндалат. Малдуу байлар жайкысын кедейлерге майда жандыктарды багып келүү үчүн убактылуу берген. Кедей жайы менен карап сүтүн, жүнүн колдонгон, жана күзүндө тууган малдын жарымын алган. Бирок, кедей

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



өлгөн мал учун байга жооп берген эмес" [7, 53-б.]. Байлардын мындай мал каратуу ыкмасы башка аймактарда колдонулуп келгендигин белгилеп кетүү керек. Көчүү процессинде, кыргыздар эч качан жеке көчкөн эмес, дайыма уруулук принципке таянышып өз уруусу анын башчысы менен бирге көчкөн. Көпчүлүк учурда байдын чарбасы менен кошо көчкөн. Кедейлер байлар менен бирге көчүшүп, анын көзөмөлүндө гана болбостон, байдан материалдык жардам алган. Жардамынын ордуна бекер кызмат аткарышкан: малын баккан, арыгын тазалаган, үй турмушуна жардам берген, суу ташыган, чабарман ж.б. кызмат аткарган.

Социалдык катмарлардын башка түрлөрү *жалчы, малай* деп аталышкан. Алар өздөрүнүн үй-бүлөсүн чарбасынын эсебинен багып жүрүүгө чамасы жеткен, ошо эле учурда кошумча иштөөгө муктаж болушкан. Алар көбүнчө чабан, жылкычы, же болбосо эгин мезгилинде эгин талаасында жалданып иштешкен, бир жылдык мөөнөт менен. Көпчүлүк учурда жалчы, малчылар байлардын үй-бүлөсүн тейлешкен. Бир жылдык кызматы үчүн бир жылкы же бир үй, же бир канча баш кой алышкан. К.Усөнбаевдин пикиринде байлар көпчүлүк мезгилде батрактардын кызматын колдонушкан. Маселен 1913-ж. Пишпек уездинде 13886 чарбанын 10336, Пржевальск уездинде болсо-26034 чарбанын 4492 батрактардын кызматын пайдаланышкан [4, 168-б.]. Малай, жалчылардын эмгеги, аткарган кызматтары өтө оор болушкан. Мал чарбачылык жана дыйканчылык менен кесип кылышкандар элде эгинчилер дап аташкан, ал эми орус бийлиги мындай категориядагыларды - жарым көчмөндөр деп атап коюшкан.

1913-ж. "Переселенческое управление" тарабынан Чу дарыясынын жана Талас өрөөнүн алдынкы аймагында жашаган кыргыздардын чарбалык жана жер иштетүүсүн изилдеген статистикалык маалыматтар кызыгууну жаратат. "Материалы...." аттуу жыйнактан азыркы Таластык кыргыздардын жер иштетүү абалы, аренда, байлардын кедейлерге кызмат аткаруусу боюнча кызыктуу материалдарды алууга болот. Маселен "Материалда..." Чу дарыясынын жана Талас өрөөнүн алдыңкы аймагында жашаган кыргыздардын 42 чарбасы изилденип, алардын арасында акчалай эмес, натуралдык түрдө арендага иштөө байкалгандыгын көрсөтөт. "Материалда...": "Байлар кедейлерди арык тазалоодо жалдап иштетет. Ошол эле учурда кедей сугат иштерин жүргүзүп, өзү иштетүү үчүн ага жер участогу берилет. Кедей байдын, өзүнүн да жерин чогуу иштетет. Бай тарабынан үрөн себүү үчүн урук, соко, кетмен, кедейдин тамагы үчүн саан уй берилет. Иш жүзүндө бай кедейге 1 пуд (1 пуд – 16,38 кг болгон) арпа же буудай, же болбосо 2 саан уй же 10 баш эчки берген. Ал эми буудайдын түшүмү жана саманы мал алгандан соң экиге тең бөлүнгөн" [4, 34-б.]. Ал эми кээ бир учурда жер үлүшү байга гана таандык болгондо, кедей түшүмдүн 1/3 бөлүгүн алган (мүлк байдыкы болгон учурда гана). Демек бул материалдан дыйканчылык тармагындагы жалданып иштөө нормасы, бай менен кедейдин ортосундагы эмгек келишиминин шарттарын аныктоого болот.

Демек, XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башында салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшү боюнча элдин калың массасын түзүшкөн букара катмары ич ара бир канча иерархиялык топтордон турушкан. Оторчулук доордо, өзгөчө XX кылымдын башында социалдык жиктешүү процессинин жүрүшү менен жаны тарыхый шарттка жараша жаңы социалдык топтор жаралган. Кыргыздардын социалдык жиктешүү процессинин жүрүшү оторчулук доордогу чарбалык, ак-товар, соода мамилелеринин өнүгүшүнө байланыштуу болгон. Арийне социалдык катмарлардын жалпы калктын санына карата салыштырмалуу сандык, пайыздык ж.б. статистикалык катыштыгын аныктоо кыйынчылыкты жаратуучу маселенин бири экендигин белгилеп кетүү зарыл.

**Адабияттар:**


1. Айтбаев Т. Социально-экономические отношения в киргизском аиле в XIX и начале XX веков. - Фрунзе, 1962.
2. Бартольд В.В. Избранные произведения по истории кыргызов и Кыргызстана. – Бишкек, 1996.
3. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. - Б., 1993. - II китеп.
4. Усонбаев К. Общественно-экономические отношения киргизов вторая половина XIX - начало XX вв. - Фрунзе, 1980.
5. Асанканов А.А., Осмонов, Ө. Ж. Кыргызстан тарыхы (эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). - Бишкек, 2003.
6. Румянцев П.П. Материалы по обследовании туземного и русского старожильческого хозяйства в Семиреченской области. Т7. Пишпекский узед. Киргизское хозяйство. Вып. 2. - ПГ 1916.
7. Материалы по киргизскому землепользованию района реки Чу и низовьев реки Таласа Черняевского и Аулиеатинского уездов Сыр-Дарьинской области. - Ташкент, 1915.
8. Жусубалиев А. Кыргызстан коомунун социалдык түзүлүшүнүн базар мамилелерге өтүү шартындагы өзгөрүшү. // Социология илимдерини кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертация. - Бишкек, 2011.